# Биригүү (ассоциация) эркиндиги укугу

## Алдыңкы тажрыйба: негизги маселелер

Официалдуу эмес котормо; мазмуну БУУнун Атайын Баяндамачысы тарабынан текшерилбеген
Unofficial translation; content not verified by the UNSR

### Бирикме катары биз каттоодон өтүүгө милдеттүүбүзбү?

**Жок**

Биригүү эркиндиги укугу катталган да, катталбаган да бирикмелерди бирдей деңгээлде коргойт. Катталбаган бирикмелерге катышкан адамдар мыйзамдуу ишмердиктин бардык түрүн жүргүзүү, анын ичинде тынч чогулуштарды эркин өткөрүү жана аларга катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу жана жазык куугунтугуна алынбашы керек (A/HRC/20/27, 14-бет, 56-тарам).

### Биригүү эркиндиги укугунун мага да тиешеси барбы?

**Ооба**

Сиздин ким экендигиңиз маанилүү эмес. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү Эл аралык пакттын 22-беренесинде (ЖСУЭП) бардык адамдардын биригүү эркиндиги таанылат. Мындай эркиндик Пакттын өзү аркылуу да (басмырлабоо жөнүндөгү 2-беренени караңыз), адам укуктары боюнча Кеңештин 15/21, 21/16 жана 24/5 резолюциялары аркылуу да камсыз кылынат. Өзүнүн 24/5 резолюциясында аталган Кеңеш мамлекеттер бардык адамдардын, алардын арасында азчылыктардын өкүлдөрүнүн, Интернетте болобу, чыныгы турмушта болобу, анын ичинде шайлоо контекстинде, тынч чогулуш өткөрүү укуктарын жана биригүү эркиндигин, ошондой эле алардын өзгөчө пикирлери менен ынанымдарын сыйлоого жана коргоого милдеттүү экендигин эске салат (A/HRC/26/29, 9-бет, 22-тарам). Мыйзамдарда эч кимге, анын ичинде балдарга, чет өлкөлүк жарандарга, этностук же тилдик азчылыктардын өкүлдөрүнө, ЛГБТИге кирген адамдарга, аялдарга ж.б., кандайдыр бир конкреттүү чектөөлөр коюлбоого тийиш (A/HRC/20/27, 14-бет, 54-тарам; A/HRC/26/29, 6-7-бет, 18-тарам). Биригүү эркиндиги укугу өз алдынча алынган юридикалык жактарга (мисалы, кошулууну чечкен эки өзүнчө ассоциацияга) да тийиштүү.

### Биригүү укугунун ишке ашырылышына өбөлгө түзүү жагынан мамлекеттин кандайдыр бир милдеттенмелери барбы?

**Ооба**

Мамлекеттер бирикмелердин ишмердигине өбөлгө болчу шарттарды түзүү жана колдоо үчүн оң натыйжа бере турган иш-чараларды жүргүзүүгө милдеттүү. Бирикмелердин мүчөлөрүндө өздөрүнүн биригүү укугун коркутуп-үркүтүүдөн, зордук-зомбулуктан, анын ичинде куугунтукталуудан, тиешелүү юридикалык жол-жобосуз же негизсиз өлүм жазасына тартылуудан, атайын уруксатсыз камакка алынуудан же кармалуудан, ММКлардагы жалаа жабуу өнөктүктөрүнөн, орун которууга тыюу салынуудан коопсуз жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгү болушу керек (A/HRC/20/27, 15-16-бет, 63-тарам). Ошондой эле, мамлекеттер биригүү эркиндиги укугун ишке ашырууга негизсиз тоскоол кылбоого тийиш. Бирикмелердин мүчөлөрү өз уставын, түзүмүн жана ишмердигин эркин аныктап, чечимдерин мамлекеттин кийлигишүүсү жок эле чыгаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек. Башкасы менен катар, бирикмелер өз пикирин билдирүү, маалымат таратуу, өз ишине коомчулукту тартуу, өкмөттүн жана адам укуктары боюнча эл аралык органдардын алдында өз укуктары менен көз караштарын жактоо укугунан пайдалана алышы зарыл (A/HRC/20/27, 16-бет, 64-тарам).

### Эгерде мен юридикалык жак түзгүм келсе, анын катталышы талап кылынышы мүмкүнбү?

**Ооба**

Өз алдынча укуктук субъекттүүлүккө ээ болгон бирикмени түзүүдө тигил же бул таризде катталууну талап кылуу жөндүү, бирок бул учурда өкмөттүн кызмат адамдарынын ак ниеттүүлүк менен, өз убагында жана эч иргебей иш кылганы маанилүү. Атайын баяндамачы алдыңкы тажрыйба катары жөнөкөй жана оңой, ал турсун бекер жана ыкчам жүргүзүлгөн жол-жоболорду эсептейт (A/HRC/20/27, 14-бет, 57-тарам; A/HRC/RES/22/6). Каттоо уруксат алуу үчүн тапшырылган экзамен катары каралбашы керек. Маселен, уюм түзүүдө "уруксат берүү жол-жобосу" эмес, "кабарлоо жол-жобосу" колдонулушу керек (A/HRC/20/27, 21-бет, 95-тарам). Кабарлоо жол-жобосу колдонулганда, бирикменин негиздөөчүлөрү бийликке өз уюмунун түзүлүшү тууралуу кабар берери менен эле ал автоматтык түрдө юридикалык жак макамын алат. Ошол эле учурда мындай кабарлоо ассоциациянын уюшулушу үчүн күн мурунтан аткарыла турган шарт болбошу керек (A/HRC/20/27, 15-бет, 58-тарам). Жаңыдан кабыл алынган мыйзамдарда мурда катталган бирикмелерге карата кайра катталуу талабы коюлбоого тийиш (A/HRC/20/27, 15-бет, 62-тарам).

### Мага маалымдабай туруп эле, бийлик менин арызымды белгисиз мөөнөткө кийинкиге жылдырып койсо же аны кабыл албай койсо болобу?

**Жок**

Каттоо органдары кечиктирүүсүз аракеттенүүгө, ал эми мыйзамда берилген документтер боюнча чечим кабыл алуу үчүн кыска мөөнөт белгиленүүгө тийиш. Бул мезгилде, башкасы далилденмейинче, бирикме мыйзамдуу негизде иштеп жаткан катары каралышы керек. Жооп так белгиленген кыска мөөнөттүн ичинде берилбесе, бирикме мыйзамдуу негизде иштеп жатат деп эсептелиши керек (A/HRC/20/27, 15-бет, 60-тарам). Тапшырылган документтерди же арызды кабыл албай коюу жөнүндөгү ар бир чечимдин себептери айкын көрсөтүлүүгө жана ал арыз ээсине кат түрүндө өз убагында жеткирилүүгө тийиш. Документтери кабыл алынбаган бирикмелер көз карандысыз жана калыс сотто ошол чечимге каршы чыгып талашуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек (A/HRC/20/27, 15-бет, 61-тарам).

### Бирикмелер менен коммерциялык уюмдарга мамлекет бирдей мамиле жасоого милдеттүүбү?

**Ооба**

Мамлекеттер жарандык коом уюмдарына айрыкча басым жасаган же аларга өзгөчө оордук келтирген чаралардан: мисалы, бирикмелерге коюлуп, коммерциялык уюмдарга карата колдонулбаган ашыкча катуу текшерүү эрежелеринен, жол-жоболордон жана башка талаптардан оолак болгону абзел (A/HRC/23/39, 8-бет, 24-тарам). Мисалы, бирикменин катталышы, коммерциялык ишкананын катталышына караганда, бир кыйла татаал же түйшүктүү процесс болбошу керек (A/HRC/26/29/Add.2, 14-15-бб., 56-58-тарамдар).

### Бирикме деген эмне?

«Бирикме» («ассоциация») деген кайсы бир чөйрөдө биргелешип аракеттенүү жана өздөрүнүн жалпы кызыкчылыктарын жарыялоо, алдыга жылдыруу, жүзөгө ашыруу же коргоо үчүн бирге чогулушкан физикалык жана/же юридикалык жактардын кандай болсо да тобун билдирет (A/HRC/20/27, 13-бет, 51-тарам). Бирикмелердин айрым кеңири тараган түрлөрү өз ичине жарандык коом уюмдарын, клубдарды, кооперативдерди, бейөкмөт уюмдарын, диний бирикмелерди, саясий партияларды, кесиптик бирликтерди, фонддорду, "онлайн" тартибинде иштеген бирикмелерди камтыйт (A/HRC/20/27, 13-бет, 52-тарам).

### Биригүү эркиндиги укугу деген эмне?

Жалпак тил менен айтканда, биригүү эркиндиги укугу санаалаштар топторун түзүү же аларга кошулуу жана жалпы мүдөөсүн көздөө укугун коргойт. Аталган топтор формалдуу же формалдуу эмес болушу мүмкүн; биригүү эркиндиги укугунан пайдалануу үчүн бирикменин катталышы милдеттүү эмес (A/HRC/20/27, 14-бет, 56-тарам). Бирикме түзүү үчүн эки адам жетиштүү (A/HRC/20/27, 14-бет, 54-тарам).

### Эмне үчүн биригүү эркиндиги укугу ушунчалык маанилүү?

Биригүү эркиндиги укугу – биз ээ болгон адам укуктарынын эң маанилүүлөрүнүн бири. Тынч чогулуштар эркиндиги менен катар, ал адамдарга өз аракеттерин бириктирип, жалпы жыргалчылык үчүн чогуу иштөө мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган негизги адам укуктарынын бири. Ал көптөгөн башка жарандык, маданий, экономикалык, саясий жана социалдык укуктарды жүзөгө ашыруунун каражаты (A/HRC/20/27, 5-бет, 12-тарам). Үзүрдүү демократиялык системалардын пайда болушунда жана өкүм сүрүшүндө да биригүү эркиндиги укугу чечүүчү ролду ойнойт, анткени азчылыктын жана макул болбогондордун пикири менен көз караштарын сыйлоо орун алган жерде алар пикир алышууну, көп пикирдүүлүктү, түтүмдүүлүктү жана келишүүчүлүктү камсыз кылууга мүмкүндүк берген курал болуп берет (A/HRC/20/27, 20-бет, 84-тарам).

**БУУнун Тынч чогулуштар жана биригүү эркиндиги укуктары боюнча Атайын баяндамачысы Майна Киаинин билдирүүсү (2014-ж. ноябрында жарыяланган)**

http://www.freeassembly.net • https://www.facebook.com/mainakiai.sr • https://twitter.com/MainaKiai_UNSR • https://www.flickr.com/photos/mainakiai • Жогорку Комиссардын Адам Укуктары боюнча Башкармалыгынын (ЖКАУБ) расмий сайты

# Биригүү (ассоциация) эркиндиги укугу

## Алдыңкы тажрыйба: негизги маселелер – 2-бет



### Биригүү эркиндиги укугуна ресурстарга жетүү мүмкүнчүлүгү киреби?

Ооба

Бирикмелердин ата-мекендик, чет өлкөлүк жана эл аралык булактардан ресурстарды табуу, алуу жана алардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү биригүү эркиндиги укугунун ажырагыс жана өтө маанилүү бөлүгү болуп эсептелет (A/HRC/20/27, 17-бет, 67-тарам; A/HRC/23/39, 4-бет, 8-тарам). «Ресурс(тар)» термини мааниси кеңири түшүнүк болуп, өз ичине акчалай каражаттарды которуу, бейакча таризиндеги кайыр-садагаларды, материалдык ресурстарды, адамдык ресурстарды ж.б.у.с. камтыйт (A/HRC/23/39, 5-бет, 10-тарам). Ата-мекендик же чет өлкөлүк каржылоону алуу үчүн бийликтердин уруксаты талап кылынбашы керек (A/HRC/20/27, 17-бет, 68-тарам); катталган да, катталбаган да бирикмелерде каржылоону жана башка ресурстарды ата-мекендик, чет өлкөлүк жана эл аралык юридикалык жактардан эркин табуу жана алуу укугу болууга тийиш (A/HRC/20/27, 17-бет, 68-тарам). Кеңирирээк маалыматты Атайын баяндамачы тарабынан Демократиялар коомдоштугу менен биргеликте даярдалган “Жарандык мейкиндикти коргоонун жана ресурстарга жетүү укугунун жалпы принциптеринен” тапса болот.

### Биригүү эркиндиги укугу Интернетте да иштейби?

Ооба

Мамлекеттер биригүү эркиндиги укугун сыйлоого жана анын Интернеттен да, чыныгы турмуштан да ар тараптуу корголушун камсыз кылууга милдеттүү (Адам укуктары Кеңешинин 24/5 резолюциясы). Интернет, маселен, социалдык тармактар жана башка маалыматтык-коммуникациялык технологиялар, биригүү эркиндиги укугунун чыныгы турмушта жүзөгө ашырылышына өбөлгө түзүүнүн маанилүү куралы болуп эсептелет. Адамдардын өз пикирин билдирүү үчүн виртуалдык мейкиндикте биригүүгө, Интернетте чогулууга да укугу бар (Адам укуктары Кеңешинин 21/16 резолюциясы). Бардык мамлекеттер бардык убакта, анын ичинде саясий туруксуздук мезгилдеринде, Интернеттин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга тийиш (A/HRC/17/27, 79-тарам). Интернет-контентти өзгөртүү жөнүндөгү бардык чечимдер компетенттүү сот органы тарабынан, же болбосо саясий, коммерциялык же жол берилбей турган башка таасирге көз карандысыз башка орган тарабынан кабыл алынышы керек (ошол эле жерде).

### Бийлик бирикменин ички иштерине кийлигише алабы?

Жок

Бийлик, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү Пакттын 17-беренесинде каралгандай, бирикменин ички иштерине кийлигишүүдөн оолак болууга жана анын жеке жашоосун кол тийгизүүдөн сактоо укугун сыйлоо милдеттүү (A/HRC/20/27, 16-бет, 65-тарам). Бийликтин төмөнкүлөргө укугу болбошу керек: бирикмелердин чечимдери менен ишмердигин кандайдыр бир шарттарга байланыштырууга; бирикме башкармалыгынын мүчөлөрүн шайлоонун жыйынтыктарын жокко чыгарууга; башкармалык мүчөлөрү чыгарган чечимдердин укуктуулугун бийлик өкүлдөрүнүн катышуусуна көз каранды кылууга; бирикмеден өз баяндамаларын жарыяланганга чейин көрсөтүүнү талап кылууга; ишмердик пландарын бийлик тарабынан бекитилүүгө берүүнү талап кылууга (ошол эле жерде). Көз карандысыз органдар ачыктыкты жана отчеттуулукту камсыз кылуу механизми катары эсеп документтерин текшерүү укугуна ээ, бирок мындай жол-жоболор каалагандай жүргүзүлбөшү жана басмырлоого жол бербөө принциби менен жеке жашоонун кол тийбестиги укугун сыйлашы керек (ошол эле жерде).

### Негизги эл аралык документтер

Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү Эл аралык пакт, 22-берене:

1. Ар бир адам башкалар менен биригүү эркиндиги укугуна, анын ичинде кесиптик бирликтерди түзүү жана өз кызыкчылыктарын коргоо үчүн аларга мүчө болуп кирүү укугуна ээ.

2. Аталган укуктан пайдаланууга мыйзам тарабынан каралган жана демократиялык коомдо мамлекеттик же коомдук коопсуздук, коомдук тартип, саламаттыкты сактоо жана калктын адеп-ахлагы кызыкчылыктарына ылайык жана башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин сактоо үчүн зарыл болгондорунан тышкары эч кандай башка чектөөлөр коюлбоого тийиш. Бул берене аталган укуктун куралдуу күчтөрдүн жана полициянын курамына кирген адамдар тарабынан колдонулушуна мыйзамдуу түрдө чектөө киргизүүгө жолтоо кылбайт.

### Ошондой эле караңыз:

- Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндөгү Эл аралык пакт: 8-берене
- Адам укуктарынын жалпы декларациясы: 20-берене
- Расалык басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндөгү Эл аралык Конвенция: 5-берене(ix)
- Баланын укуктары жөнүндөгү Конвенция: 15-берене
- Майыптар укуктары жөнүндөгү Конвенция: 29-берене
- Укук коргоочулар жөнүндөгү Декларация: 5-берене
- Эл аралык эмгек уюмунун (ЭЭУ) Конвенциялары: No. 87, No. 98, No. 135

### Негизги аймактык документтер:

- Адам жана элдер укуктарынын африкалык хартиясы: 10-берене
- Бала укуктары менен жыргалчылыгынын африкалык хартиясы: 8-берене
- Адам укуктары менен милдеттеринин америкалык декларациясы: 22-берене
- Адам укуктарынын америкалык конвенциясы: 16-берене
- Адам укуктарынын европалык конвенциясы: 11-берене
- Европа Бирлигинин негизги укуктар жөнүндөгү хартиясы: 12-берене

### Кылмыштуулук менен күрөшүүнүн өзү биригүү укугун чектөө үчүн мыйзамдуу негиз болуп эсептелеби?

Жок

Алдамчылык, бирөөнүн каражаттарын ээлеп алуу, акчанын изин жашыруу жана башка кылмыштар менен күрөшүү мамлекеттин мыйзамдуу кызыкчылыктарына ылайык жүргүзүлөт, бирок мыйзамдуу кызыкчылыктын өзү укукту чектөөгө жетиштүү негиз болуп саналбайт. Чектөөлөр мыйзам жолу менен киргизилиши жана демократиялык коомдо “зарылчылык болуп эсептелиши” керек. Алар коргоо кызыкчылыгына жараша жана эңсеген максатка жетүүнүн колдон келишинче азыраак чектеген каражаты болууга тийиш (A/HRC/23/39, 8-бет, 23-тарам; ЖСУЭП, 12-берене).

### Шайлоо мезгилинде бийликтер биригүү укугуна тийиштүү өзгөчө чектөөлөрдү киргизсе болобу?

Жок

Ар бир эле өлкөнүн турмушунда шайлоо мезгили демократиялык принциптерди түптөө, ал гана эмес – бекемдөө үчүн айрыкча учур болуп эсептелет. Шайлоо мезгилинде чектөөлөрдү киргизүүнүн ирегеси (порог) демейдегиден жогору болушу керек (A/68/299, 10-бет, 25-тарам). Эгерде биригүү эркиндиги укугу чектелсе, анык шайлоо мүмкүн болбойт (A/68/299, 20-бет, 56-тарам). Бирикмелерде, алар өкмөттү колдогон-колдобогонуна карабастан, шайлоо процессине байланыштуу ишмердигин жүргүзүү мүмкүнчүлүгү болушу керек (A/68/299, 17-бет, 46-тарам).

### Отчеттуулук боюнча милдеттенмелерин аткарбагандыгы же мыйзамды бир аз бузгандыгы үчүн бирикме таркатылышы же анын ишмердиги токтотулушу мүмкүнбү?

Жок

Эгерде бирикме өзүнүн отчеттуулук боюнча милдеттенмелерин аткарбаса, мынчалык кичине мыйзам бузуулар бирикменин таркатылышына же анын өкүлүнүн жазыктык куугунтукталышына алып келбеши керек; анын ордуна бирикмеге мындай жагдайды ыкчам оңдоо талабы коюлушу мүмкүн (A/HRC/23/39, 12-бет, 38-тарам). Бирикме ишмердигин токтотууга жана аны мажбурлап таркатууга улуттук мыйзамдардын орчундуу бузулушуна алып келчү анык жана айкын коркунуч пайда болгон учурда гана жол берилип, мындай иш-чаралар адам укуктары жаатындагы эл аралык ченемдерге ылайык жүргүзүлүүгө тийиш. Ошондой эле бул чаралар көздөлүп жаткан мыйзамдуу максатка жараша болуп, мындан жумшак чара жетишсиз болгондо гана колдонулушу керек (A/HRC/20/27, 18-бет, 75-тарам). Анын үстүнө, мынчалык кескин чаралар көз карандысыз жана калыс сот тарабынан гана колдонулушу мүмкүн (A/HRC/20/27, 18-бет, 76-тарам).

### Биригүү эркиндиги укугум бузулуп жатканда менде укуктук коргоонун натыйжалуу каражаты барбы?

Ооба

Мамлекеттер адам укуктарынын, анын ичинде биригүү эркиндиги укугунун бузулуусу жөнүндөгү арыздарды карап чыгуунун аларды өз алдынча, ыкчам жана кылдат иликтей алган жеткиликтүү жана натыйжалуу механизмдерин түзүүгө милдеттүү (A/HRC/20/27, 19-бет, 77-тарам). Биригүү эркиндиги укугун эч негизсиз чектөө орун алган жерде ошондон жабыркаган адам же адамдар тарткан зыяныиын ордун тургуздурууга жана адилеттүү, жетиштүү компенсация алууга укуктуу болушу керек (A/HRC/20/27, 19-бет, 81-тармак).